Педогогикалык кеңешме

тарабынын кабыл алынган

Протокол №1 “1” 09 2020-ж.

“Бекитемин”

Мектеп жетекчиси ________

Боркеев.Э.Т.

“1” 09 “2020-ж.

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**2020-2021-окуу жылына карай социалдык педагогдун жылдык иш-планы**

| № | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаны окуу жылына иш-планын иштеп чыгуу,иш алып баруу. | Сентябрь | Соц.педагог |
| 2 | Окуучулардын жалпы контингентин аныктоо:<br>• окуучулардын саны,турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн балдары,тобокел тобундагы балдар, тоголок жетимдер,жарым жетимдер, соц.жактан жетишпеген балдар, көп балалуу үй-бүлөнүн балдары,майып балдар, ички жана тышкы мигранттын балдар,Апрель,Баткен коогалаңынын баатырларынын балдарынын тизмесин тактоо. | Сентябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 3 | Профилактикалые кеңешмени түзүү.<br>Айыл өкмөтү ,ата-энелер комитети менен бирдиктүү иш-чараларды иштеп чыгуу. | Сентябрь | Айыл өкмөтү,ата-энелер комитети, соц.педагог. |
| 4 | Ай сайын жетим ,начар жашаган окуучулардын үйлөрүнө рейд жасоо. | Ай сайын | Соц.педагог, кл.жетекчи. |
| 5 | Мектепке жаңы же которулуп келген окуучуларды адептациялоо,алардын көйгөйлөрүн изилдөө. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог. |
| 6 | Ата-эне жана мугалим ортосунда «Педагогикалык көпүрө»түзүү. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог. |
| 7 | Мектептин учетунда турган окуучулар менен өзүнчө иш алып баруу,аңгемелешүү. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог, ИДН кызматкери |
|  | МЖД жана ЖӨӨ,ЖЖИЖ отряддарын түзүү менен | Сентябрь | Соц.педагог |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | иш-чараларын ,милдеттерин иштеп чыгуу. | | |
| 9 | Ар бир чейрек сайын окуучулар арасында анкеталарды алуу менен көйгөй маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүү. | Сентябрь | Соц.педагог |
| 10 | Тобокел тобундагы балдарды,мектептин учетундагы балдарды коомдук иштерге тартуу. | Октябрь | Соц.педагог |
| 11 | Ата-энелер менен ар чейрек сайын чогулуш өткөрүү менен жолугушуларды уюштуруу. | Октябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, |
| 12 | Окуучулар арасында “Биз биргебиз”кайрымдуулук иштерин жүргүзүү. | Октябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 13 | Ар жума сайын кооптуу үй-бүлөлөргө рейд жасоо. | Октябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 14 | Тобокел тобундагы окуучулар мене ниш алып баруу, карточка ачуу,мугалимдерге бекитип берүү. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 15 | Тарбиясы оор ,мектептин учетунда турган жарым, томолой жетим окуучуларды кружок, спорттук оюндарга катыштыруу. | Ноябрь | Соц.педагог кл.жетекчи, ата-энелер комитети |
| 16 | Окуучулар арсында кылмыштуулукту алдына алуу кеңешин түзүү жана иш-чараларды бекитүү. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, |
| 17 | Мектептин учетунда турган окуучулардын үйүнө рейд жасоо. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, ИДН кызматкери. |
| 18 | ИДН кызматкери менен окуучулар арасында жолугушуларды уюштуруп ,окуучуларды кылмыш кодекси менен тааныштыруу. | Ноябрь | Соц.педагог.ИДН кызматкери |
| 19 | Кооптуу үй-бүлөдөгү окуучулар менен тыгыз мамиле түзүп , муктаждыктарын ,көйгөйлөрүн аныктоо менен жардам көрсөтүү. | декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 20 | Зордук-зомбулук боюнча иш-чараларды ,класстык сааттарды өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 21 | Мектеп учетунда турган,тарбиясы оор окуучуларды коомдук иштерге тартуу,ички көйгөйүн аныктоо. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 22 | Жарым жетим, толук эмес үй-бүлөлөргө, аз камсыз үй-бүлөлөргө «Кайрымдуулук” акциясын өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, |
| 23 | «Кылмыштуулукка каршы» деген темада,окуучулар арасында спорттук мелдештерди,КВНдерди уюштуруу. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчилер , дене тарбия мугалими |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24 | «Карнавал!» «Жаны жылдык окуялар» ж.б " Жаңы жылдык балаты" майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | Декабрь | РБББ, мектеп администрациясы, класс жетекчилер<br><br>ИДН кызматкери |
| 25 | 1 жылдык окуу жылындагы , жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгаруу. | Декабрь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 26 | Окуучулар арасында мониторинг жана диагностикалык иш-чараларды жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог, кл.жетекчи, уюштуруучу |
| 27 | Коомдук педагокикалык , реаблитациялык,коррекциялык,коомдук профилактикалык ,топтук жетекчилик менен иштерди жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог,кл.жетекчи, уюштуруучу |
| 28 | Тобокел тобундагы окуучулардын үй-бүлөлөрүн диагностикалоо,тышкы миграnттын балдары жашаган үй-бүлөлөрдү диагностикалоо, аларга керектүү жардам көрсөтүү. | Январь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 29 | Бүтүрүүчү класстын окуучулары менен кесиптик багыттандыруучу иштерди жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 30 | Ар жума сайын кооптуу,көйгөйлүү, өгөй ата ,өгөй эне менен жашаган үй-бүлөлөргө рейд жасоо. | Январь | Соц.педагог , кл.жетекчи, ИДН кызматкери |
| 31 | Ар чейрек сайын окуучулар арасында анкеталарды алуу менен көйгөй маселесин чечүүгө жардам берүү. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 32 | Окуучулар арасында кайрымдуулук акциясын өткөрүү. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 33 | Ар жума сайын көп балалуу үй-бүлөлөргө үйлөрүнө рейд жасоо. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 34 | Тобокел тобундагы бүтүрүчүлөрдү прогноздоп,жумушка кесипке багыт берүү. | Март | Соц.педагог , Кл.жетекчи |
| 35 | Тобокел тобундагы балдардын жайкы эс алуусун прогноздоо менен уюштуруу. | Апрель-май | Соц.педагог , Кл.жетекчи |
| 36 | Жыл ичинде өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу. | Апрель-май | Соц.педагог , Кл.жетекчи |

Соц.педагог: Жакиева У.А.

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин 2020-2021-окуу жылына карата**

**Социалдык педагогдун аткарган иш-чараларына талдоо.**

**Максаты:** Окуучулардын жеке укугун коргоо.

Соц.педагогдун жобосу ,укутары жана милдеттери,жоопкерчилиги ,ишти пландаштыруу,жылдык жана айлык пландарды иштеп чыгуу,план боюнча иш алып баруу.

**Милдети:**

1.Социалдык педагогко коюлуучу кваликациялык талаптарды сактоо.

2.Баардык курактагы балдар менен жекече жана социалдык көйгөйлөрү менен таанышуу, аныктоoo максатында педагогикалык изилдөө жүргүзүү.

3.Жаштарга жана карыларга кайрымдуулук иштерин жүргүзүү.Окуучулардын инсандыгын формалаштыруу,үй-бүлөөгө социалдык педагогикалык жардам беруу.

4.Окуучулардын документтерин тактоо,квартал сайын жаңылап түзүү.

5.Класс жетекчилер жана ИДН инспектору менен биргеликте иш алып баруу.

2020-жылдын 5-сентябрьда мектеп жааматы жана ата-энелер комитети менен биргеликте чогулуш болду. Чогулушта 8 мугалимден турган профилактикалык кеңеш түзүлдү. Профилактикалык кеңештин жылдык планы иштелип чыгып, бекитилди.

Сентябрдын экинчиси жумасында окуучулардын тизмеси боюнча тактоо жүргүзүлдүү;

- тоголок жетим балдар ,жарым жетим балдар,тобокел тобундагы балдар,мигранттардын балдары,аз камсыз болгон уй-булолордун,толук эмес уй-булолордун ж.б.у.с. балдардын тизмеси такталды.Балдар менен иштеш үчүн.план түзүлүп бекитилди.

Мектептин жана класстын социалдык паспорттору түзүлдү. Жалпы мектепте 18 класс, анын ичинен башталгыч класс-8, ортонку класс-7, жогорку класс-3.

**"Милициянын жаш достору"отряды.**

14-сентябрьда Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинде 7-8-9-класстын окуучуларынын арасында 10 окуучудан турган "Милициянын жаш достору" отряды түзүлдү.Мектептин соц.педагогу Жакиева У.А. тарабынан план түзүлдү . Иш-чараларга милициянын жаш достору активдүү катышышат.Ошондой эле ИДН инспектору Усупбаев.А.Б. ай сайын келип,окуучулар менен иш алып барганда көмөк көргөзүшөт. Мектептеги тартип бузуулар катталса ,тезинен көмөк көргөзгөнгө жардам беришет.

**“Диний экстримизмди алдына алуу”, “Террaризм деген эмне ? деген темада өтүлгөн иш-чаранын маалыматы.**

Мектепте 15-октябрьдан 15-ноябрьга чейин бир айлык “Диний экстримизмди алдына алуу”, “Террaризм деген эмне ?“ деген темада бир айлык иш-чара өтүлдү.Класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү, класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар өтүлдү,дубал газеталар чыгарылып,окуучуларга көрсөтүлдү.

“ Хиджаб формасында салынган жоолук”-деген темада 6-11-класстын кыздары жана класс жетекчилер менен биргеликте тегерек стол болду. Мектепте хиджаб жоолук салынган 4 кыз окуп жатат.Окуучулар арасында түшүнбөстүк болгон жок,туура кабыл алышат.

Мектептин тарбия завучу,соц педагогу жана ИДН менен биргеликте “Террaризм деген эмне?” деген темада 9-11-класстын окуучуларына тегерек стол уюшулду,доклад окулду. Окуучулар кененирек терроризм жана диний экстремизм жөнүндө маалымат ала алышты. Терроризмдин, диний экстремизмдин мамлекетке, дүйнөгө тийгизген таасирлерин айта алышат. Ошондой эле мамлекетибизди коргоого, сүйүүгө тарбияланышат.

**Сабакты көп калтырган жана жашоо шарты оор кырдаалга кабылган балдардын үйүнө рейд.**

Сабакты себепсиз көп калтырган окуулардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жургузулуп,ай сайын рейд кылынып жатты.Азыркы кырдаалага байланыштуу сентябрь-октябрь айы окуу онлайн форматта өтуп жатты.Ноябрьдан баштап кадимки форматта окууда көптөгөн окуучулар сабактан калып жатты.Кээ бир ата-энелер мектепке жиберүүгө макулдугун бербей, үйдөн окутуп жатышты.

20-ноябрьда 7-класстын окуучусу Байжан кызы Жийде сабакка келбегендиги үчүн үйүнө ИДН инспектору Усупбаев А.Т. жана соц.педагог, класс жетекчиси Жакиева У.А. менен рейд кылып бардык.Түшүндүрүү иштерин жүргүздүк.

5-декабрь 10-класстын окуучусу Талимов Кулубек сабакты себепсиз көп калтырган үчүн ата-энесинин үйүнө рейд кылынды.

20-январьда сабактан көп калган 7-класстын окуучусу Махмудова Самиранын үйүнө рейд кылынды. Класс жетекчиси жана соц.педагог,ИДН инспектору ,тарбия завуч барып,окуучуунун акыбалы менен таанышты.

4-февральда мигрантардын балдары жашаган үйлөргө рейд кылынды. Апасы Турцияда эмгектенип кеткен, 8-класстын окуучусу Сагыналиева Садиянын, 6-класстагы иниси Сагыналиев Алибектин үйүнө рейд кылынды.Рейдде соц.педагог, тарбия завуч, ИДН инспектору балдардын жашоо шарты менен таанышып келди. Балдар апасынын дос кызынын үйүндө 3 жылдан бери жашап келишет, жашоо шарттары жакшы, сабактарын көп калтырбайт,жакшы окушат, чочун кишилер тарабынан зомбулук көрүшкөн жок. Апасы менен тез-тезден сүйлөшүп турушат.

13-мартта ата-энеси Россияда эмгектенип жаткан, убактылуу таенесинин колунда жашап жаткан 11-класстын окуучусу Токтобеков Мирбек жана 7-класстын окуучусу Токтобекова Шириндин үйүнө рейд кылынды. Балдардын жашоо шарты менен таанышттык,канаттандыраарлык.

16-апрельде соц.педагог Жакиева У.А. жана класс жетекчиси Жумашева М.С . 8-класстын окуучусу Болотов Имандын үйүнө рейд кылынды. Болотов Имандын апасы каза болуп калган, атасы Россияда эмгектенет.Бала таенесинин колунда жашайт. Жашоо шарты менен таанышып,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Окуучулардын үйүнө рейд кылынган сайын АКТ түзүлүп, атайын папкага салынып турат.

**ЖӨӨУ**.К. Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинде, "Жарандык өрт коопсуздугу" боюнча окутууну жакшыртуу, өрт коопсуздугунун эрежелерин үйрөтүү жана жайылтуу, өрт коопсуздугу боюнча окуучулардын билимин жогорулатуу максатында атайын мугалимдер жамаатынын ичинен жаш мугалимдердин арасынан " Өрт өчүрүүчүлөр уюму" тузулуп, жобосу бекитилди. 9-11-класстардын окуучуларынан " Жаш өрт өчүрүүчүлүрдүн уюму" түзүлдү, ал уюмга 8 окуучу катышат.

" Жаш өрт өчүрүүчүлүрдүн уюму" бурчу уюштурулду ."ЖӨӨУ" программасы иштеп чыгарылды. 1-11 класс жетекчилери өрт коопсуздугу боюнча окуучуларга класстык саттарды ,түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат."ЖӨӨУ" уюштуруу иши ТТКН мугалимине жүктөлсүн, Жумагулов Калыбек агайга жүктөлүп ,ар кандай иш-чараларды өткөрүп турат.

**2020-2021-окуу жылында балдарды "Атуулдук жаранга тарбиялоо" боюнча өтүлгөн иш-чара.**

Мектепте окуучуларды ата-мекенин сүйгөн,өз өлкөсү өнүгүшүнө берилген, анын алдындагы атуулдук милдетин туура түшүнгөн жарандарды тарбиялоо максатында окутууларды,класстык сааттарды иш-чараларды алып барып келебиз. Бул максатты ишке ашыруу үчүн мектеп шартында мекен тануу билимдери, "Жарандуулукка үйрөтүү", "Кыргызстандын тарыхы", "Аскерге чейинки даярдык" ж.б. сабактар менен класстан же мектептен тышкары көп кырдуу таалим –тарбия иштери жүргүзүлөт.

Окуу жылы башталары менен эле класстарда "Мекеним Кыргызстан" деген темада 5-11-класстарга класстык саатар өткөрүлдү. Сабактын максаты: Ата-мекенди сүйүүгө жана ата-журту менен сыймыктануу тарбияланышат. Улут аралык достук ,биримдик ,тынчтык,мекенибиздин өнүгүшүнүн негизги шарты экендигин окуучулардын ан-сезимине жеткирүү.

**"Жол кыймылынын жаш инспектору"отряды боюнча өткөрүлгөн**

**иш –чаралар.**

К.Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинде 8 окуучудан турган "Жол кыймылынын жаш инспектору"отряды түзүлдү. Класс жетекчилер жыл сайын "Жол кыймылынын жаш инспектору "сынагын өткөрүп турушчу. Быйылкы жылы азыркы эпидемияга

байланыштуу сынак өткөрүлгөн жок. Бирок класстарда план боюнча класстык сааттар өткөрүлүп турду. 7Б-класстын класс жетекчиси Тейишова Ж. "Жолдо журуунун эрежесин билүү баарыбыздын милдетибиз" - деген темада класстык саат өттү.

10-сентябрьда жолдо журуунун эрежесин сактоо боюнча, план тузулуп бекитилди. Пландын негизинде «Жолдо жүрсөн так бол, шумкарлардай сак бол»-деген темада 2-класстын мугалим Таштанбекова А.Т. класстык саат өттү.МАИ кызматкери Асанканов Темирлан чейрек сайын келип ,окуучулар менен жолугуп,лекция окуп турат.

Мындан тышкары 8-11-класстардын окуучулары менен биргеликте тегерек стол уюштурулду. Класс жетекчилер, соц.педагог, тарбия завуч жана МАИ кызматкери Асанканов Темирлан "Жолдо жүрсөн так бол, шумкарлардай сак бол"- деген темада лекция окуду. Окуучулар менен кызыктуу маектешуу болду.Балдар кененирек маалымат ала алышты жана жолдо жүрүүнүн эрежесин так билишет.

## Бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө карата арналган иш-чаралардын маалымдамасы .

3- декабрь «Бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө » карата мектепте «Боорукерлик адамдын жакшы сапаты » - деген темада 1-4-класстарда ачык сааттар өткөрүлдү. Мындан тышкары 8-11- класстардын окуучуларына "Майып адамдар дайыма жардамга жана коргоого муктаж"-деген темада тегерек стол уюштурулуп ,ар бир окуучу активдүүлүктөрүн көрсөтүштү. Боорукердик, камкордук деген темада сүрөт жана дил баян сынагы өткөрүлдү.

Мектепте 4 майып окуучу окуйт : Шаршенбеков Ислам -5- класс

Орозбеков Мирлан-4- класс

Токтобеков Мирбек-11- класс

Байжан уулу Бекен-9- класс

## Тамеки, арак, насвай, наркоманиянын зыяндуулугу» боюнча аткарылган бир жумалык иш чаранын маалыматы.

«Тамеки, арак, насвай, наркоманиянын зыяндуулугу» жөнүндө класс жетекчилер класстык сааттарды өткөрүштү. Сүрөттөр, видео көрсөтүүлөр аркылуу бул заттардын адам организмине тийгизген таасири, материалдык каражаттардын көрсөтүлүшү, психологиялык терс таасирлери жөнүндө кеңири түшүндүрүлүп, бул заттарды колдонбоого үгүт иштери жүргүзүлдү.

5-декабрьда 9-класстын класс жетекчиси Солтонкулова Н.Ж. «Тамеки ден-соолукка зыян»-деген темада тарбия саат өттү. Окуучулар атайын даярдалган видео слайддарды көрө алышты жана мед.айым Жылдыз эже тарабынан атайын доклад окулуп, окуучулар керектуу суроолоруна жооп ала алышты.

12.12.2020- жылы ИДН инспектору Усупбаев А.Т. жана мектептин соц.педагогу Жакиева.У.А. менен биргеликте 10-11-класстын окуучуларына тегерек стол уюштурулду . «Насвай, арак ичимдиктери, наркоманиянын зыяндуулугу боюнча маектешуу, ангемелешуу, өз ой пикирлерин айтып кызуу талкуулашты. Ошондой эле сергек жашоого умтулууга чакырууну тушундурушту.

**Мектептеги рекет жана суицид темасы боюнча өтүлгөн иш –чаранын маалыматы .**

Мектепте сентябрь айында тобокел тобундагы каттоодогу окуучулардын тизмеси класс жетекчилер тарабынан такталды.

24-январьда "Ар бир адам өз ишине жоопту"-деген темада соц.педагог жана ИДН кызматери менен биргеликте тобокел тобундагы окуучулар менен биргеликте тегерек стол уюштурулду,тушундуруу иштери жүргүзүлдү жана өздөрүнө керектүү суроолорго жооп ала алышты жана жеңил ойлуулукка алдырбай жашоого көз караштарын өзгөртүүгө ,өз жашоолорун оңдоого, жакшы жашоого ар бир инсан татыктуу экенин биле алышты.

Ошондой эле 5-11-класстын класс жетекчилери "Суицид" жана "Мектептеги рекетизм " боюнча тарбиялык сааттарды өтүштү. Окуучулар кененирээк маалымат ала алышты.

Мектептеги рекетизмди жойу боюнча окуулар арасында кл.жетекчилер жана соц.педагог Жакиева У.А. тарабынан сурамжылоо, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Балдарга баары тең укуктуу экенин түшүндүрүп жана оозеки сөз менен басмырлоо, мазактоо ,ошондой эле коркутуу жана акча же бир нерсени,буюмду талап кылууго болбойт экенин тушунуштуу.

Мектептеги жалпы окуучуларга күнү-түнү иштөөчү 111байланыш номери тууралуу маалымат берилди.

**ИДН инспектору Усупбаев А.Т. менен биргеликте алып барган иш –чаралар.**

**Маалымат:** Мектепке ай сайын ИДН кызматкери келип окуучулар менен маектешип, класстык саатарга катышып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турат. 2020-2021-окуу жылында мектеп ичиндеги жана ИДН учетуна катталган окуучулар болгон жок. Одоно тартип бузуп, зомбулук иштерин жүргүзгөн, сабактарды себепсиз калтырган окуучулар болгон жок. Алдын алуу кеңешинде класс жетекчилер учетко алына турган окуучулар жок экендигин билдиришти. Мектепте "Ишеним почтасы" иштеп турат. Окуучулар арасында укук бузуулар катталбагандыгына байланыштуу учетко эч ким алынган жок.

ИДН инспектору Усупбаев А.Т. менен биргеликте 9-ноябрь 9-11-класстардын окуучулары менен "Өзүңдүн укугунду сактоонуу үйрөн, бирок башкалардыкы да бар экенин унутпа" деген темада тегерек столдо маектешүү болду, окуучулар кызуу талкууда болуп өздөрүнүн укутарын биле алышты.

12.12.2020- жылы ИДН инспектору Усупбаев А.Т. жана мектептин соц.педагогу Жакиева.У.А. менен биргеликте 10-11-класстын окуучуларына тегерек стол уюштурулду. «Насвай,арак ичимдиктери ,наркоманиянын зыяндуулугу боюнча

маектешуу, аңгемелешүү, өз ой пикирлерин айтып кызуу талкуулашты.Ошондой эле сергек жашоого умтулууга чакырууну түшүндүрүштү.

4-февральда 6-11-класстын окуучулары менен ИДН инспектору Усупбаев А.Т. менен жолугушуу болду. Жолугушууда "Мектептеги рекет" деген темада маектешүү жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

10-мартта 10-класстын класс жетекчиси Бекбатырова Бермет эжей "Эрте турмушка чыгуу?"-деген темада класстык сааат өттү. Класстык саатка кл.жетекчилер жана 7-11 класстын окуулары менен ИДН инспектору Усупбаев А.Т. жана мектептин соц.педагогу Жакиева.У.А. катышты.ИДН инспектору Усупбаев А.Т. атайын даярдап келген лекциясын окуп берди.

15-майда бүтүрүүчү 9-11класстын окуучулары менен ИДН инспектору Усупбаев А.Т. жолугушуу болду.Ошондой эле класс жетекчилер менен биргеликте чогулуш өткөрүлдү.Чогулушта бүтүрүүчүлөр арасында отуруштар болбоосун жана азыркы кырдаалга байланыштуу болтурбоонун максатында тушундуруу иштери жүргүзүлдү.Окуучулардын ата-энелерине дагы балдарын көзөмөлдөөгө, кечелерди уюштурууга жол бербөөгө класс жетекчилер тарабынан айтылды.

Мектеп жетекчиси: Боркеев Э.Т.

Соц педагог: Жакиева.У.А.